***Адыкулова А.***

**Барпы дүйнөсүнүн эшиги ачылгандан кийин**

Көрүнүктүү адабиятчы Кадыркул Даутовдун 2003-жылы жарык көргөн «Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү» деген эмгегинен кийин изилдеген иштери кескин өнүгүп кетпесе да, анын жаңы этабы, орчун масалелердин эшиги ачылды десек болот. Анткени окумуштуу бул эмгегинде бир эле Барпы акындын идеялар дүйнөсүн, дүйнө багымынын системасын сапаттык жаңы деңгээлде ачып берүү менен бирге азыркы муундар үчүн зарыл болгон тилибиздеги илимий-аналитикалык стилин да үлгүсүн түзүп берди.

Ошол эле учурда Барпы дүйнөсүнүн эшиги кенен ачылган соң, жаңы маселелер жадырап-жайнап чыга келди. Айталы башка классик акындарыбыздын да ушундайча изилденүү ишин кийин кимге калтырбай турган маселе экендиги көрүндү. Жок эле дегенде ЮНЕСКОнун кыргыз төкмөлүк өнөрү адамзат маданиятынын шедеври дегенине шардаңдап жүрө бербей, анын ошондой экенин эл аралык деңгээлде далилдеп көрсөтүү кечиктирилгис милдетибиз экени ачык болуп калды. Анын үстүнө мезгил өткөн сайын элди эл кылып келген улуу Мурастан алыстай берерибиз-чындык.

Ушул өңүттөн алганда К.Даутовдун эмгегинен улам Барпынын инсандыгына (личность) байланышкан жаңыча жагдай, атап айтканда, анын биз билген өмүр-таржымалы да бүткүл турпаты менен эң негизгиси – татаалдыктар менен карама-каршылыктардан тургандыгы ачылды.

Сөзүбүз ошонун бири жөнүндө болмокчу.

Элге белгилүү болгон маалыматтар боюнча Барпы жаш кезинде кыйынчылыктары ашып-ташкан турмушту башынан кечирет. Акындар менен көп жолугушуп, көп айтышат. Сүйүү лирикасынын устатына айланат. Санаттарын Жалал-Абаддын жана башка шаар кыштактардын базарларында олтуруп алып ырдап, аң сезиминде биротоло калыптанган түшүнүктөр дүйнөсүн бекемдеп, айныгыс жолго түшөт. Бирок ар кандай акындын чыгармачылыгы чоң-чоң багыт темалардан турарын эске алсак, аларды өмүр бою ыңгайлуу шартка жараша ырдап жүрө берери түшүнүктүү. Негизги нерсе-акындын бүткүл өнөрү белгилүү ченде идеялар дүйнөсүндө иргеп ылгоонун тынымсыз процессинде болот. Демек ал улам өтмө катар идеялардан «тазаланып» олтуруп, дүйнө таанымдын жолунда татаал маселелерге баш катырып, аңдап-билип, чындыгында көзү жетип олтуруп, өзүнүн Адилеттүүлүк жөнүндөгү ишенимине ээ болот. Бул анын бүткүл инсандык да, чыгармачылык да кредосу, айталы Жеңижокту Жеңижок кылып, Токтогулду Токтогул кылып, Барпыны Барпы кылып турган өзгөчөлүк. Мунун канчалык татаал жана маанилүү экенин көркөм чыгармачылыктын психологиясын, көркөм стилди жана текстологияны изилдеген илимпоздор далилдешкен. Бул сыяктуу маселелелер биздин ырчылык өнөрдө жана оозеки поэзияда кандай экендигине үңүлүп кире элекпиз.

Ушул өңүттөн алып, Барпынын ишеним ынанымдарына назар салып көрсөк Мусулманчылык-Барпы ырдап жашап өткөн өмүрүндөгү анын дискурсивдик билим кору. Бул байлыгынын молдугу жагынан ага башка акындардан эч ким тең келе албайт. Көптөгөн ырларындагы пайгамбарлар, сахабалар, исламдын тарыхы географиясы, закон эрежелери, нравалык тарбия, өлүм, өмүр, жөнүндөгү маалыматтары муну далилдеп турат. Башка ырчылар калк арасында тараган диний түшүнүктөрдү маалымат катары, айтышканда атаандашын жеңе турган ыкма катары колдонушса, Барпынын ырларында бул багыттагы маалыматтар анын түшүнүктөрү, ой жүгүртүүсү катары көрүнөт. Бул жагынан алганда диний китептерди көп окуп, ислам боюнча кадыресе билимдүү болгон Нурмолдо сыяктуу ырчылар деле өздөрүнүн көз караштары катары ырдап өтүшсө, Барпы ырларынын мазмунуна исламдын тарыхы баюнча аларга салыштырмалуу терең билимдүү болуп алардын алдында артыкчылыгы болгонуна карабай, чындыкты издеген, адилеттүүлүк кандай экенин таанып-билип, адамдарга аны туюнтуп алардын жашоодогу туткан жолу болуп калышына жан-дили менен аракет кылып ырдаганы белгилүү. Бул деле түз сызыктуу же бир калыптагы чыгармачылыктагы жол

десек анчейин окшобос, анткени мында да Барпыга мүнөздүү чындыкка умтулуу анын жолунда башка көз-караштагылар менен кагылышуу, кармашуу, кээде муңкүрөп келтек жеп, кээде тескерисинче сазайын берүү-өмүрүнүн акырына чейин анын туткан негизги жолу экен. Эми бул ойдун такталышы катары мына бул жагдайды эске алышыбыз керек: Барпы чыныгы гуманист, карапайым калкка мээримин төккөн элдик демократ акын катары «Жигиттик», «Баатырдык», «Марттык», «Жакшы экен» «Чери жазылат» өңдүү ырларын жакшы жашоонун гимни деп таңшып ырдаган. Ал эми «Ушакчы», «Жалганчы», «Ач көз», «Жел өпкө», «Питина», «Келесоо» сыяктуу ырларында терс мүнөздөгү типтерди жокко чыгаруучу катары ырдаган. Мындай мазмундагы ырлар деле түпкүлүгүндө салттык ырлар, эң жакшы көрүп угат, акынга кадыр-барк алып келет.

Үчүнчү топтогу «Мадалы ажыга», «Сук молдо», «Сопу», «Эмчилерге», «Алдамчы эшен», «Эмне бар бул жерде» деген ырларында дин өкүлдөрүнүн арасынан чыккан жек көрүмчү типтерди аөосуз ашкерелейт.

Дал мына ушул жерден Барпынын Барпы экендиги өзгөчө анык көрүнөт.

Ал эми чындык-мына мында: Барпы күнүмдүк турмушунда дин парыздарын кынтыксыз аткарабы-аткарбайбы ал, биринчи иретте Адилеттүүлүккө умтулган ойчул! Улуу Омар Хаям деле адамдарды жаратып алып, кайра өлтүрө бергениң эмнең деп кудайды ырга салат, бирок аны диний ритуалдарды күн сайын аткарган же аткарган эмес деген сөздүн өзү анчейин деле мааниге ээ болбойт. Айтылгандардан мындай бүтүм чыгат: Барпы чыгармачылык өмүрүндө акылынын жана ой жүгүртүүсүнүн жетишинче улуу идеяларды, түбөлүктүү түшүнүктөрдү ырдап, элге жетишүүгө, эл арасында жайылтууга аракет кылган. Базарларда, чайканаларда ырдаганда ал тыйын чогултуп алуу үчүн эмес, азап - тозогу башынан ашып жашап жаткандарга мээрим төгүп, кайрат айтып ырдаган ал эми согуш башталганда Жалал-Абад вокзалында олтуруп алып, согушка жөнөп жаткан жоокерлерге карап аман-эсен келишин тилеп ырдаган.

Тирүүлүктүн жыргалы жана бактысы-сүйүү. Сүйүүнү сүйүп ырдаган акын өзүнүн бул стихиясынан сыртта болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан ал адамдын жан дүйнөсүн жыргаткан сүйүүгө тирүү жандын бардыгы эле жетсе, бакыт сезимине баардыгы эле батышса деген утилитардык түшүнүктөр аркылуу Сүйүүнүн, Жашоонун жана Тирүүлүктүн улуулугун ырдайт. Мына гуманизимдин философиясы, философиянын гуманизими!

Жөнөкөйдөн улуулукту, күнүмдүктөн түбөлүктүүнү көрө билген Барпы кыргыздар жашаган турмуштук шартта андан биротоло суурулуп чыгып, жалгыз өзү ошол бийиктикке чыгышы - феномен көрүнүш. Ал эми бул көрүнүштү К.Даутов ачып берди эле, мындан ары ал жөнүндө үзгүлтүксүз ой жүгүртүп, жооп издей беребиз. Андай болсо, биздин жооп кайсы?

Барпынын биринчи томунда анын «Мисал үчүн» деген[1] ыры бар. Ыр он бир муундан турат. Мындай муундагы дагы бир ыры «Кыргыз ырынын чечими» деп аталат. Мурда бул ыр «Ала-Тоо көрккө келбейт эл болбосо», деген ат менен белгилүү болчу. Эң кызык жери өмүр бою төгүп ырдап жүргөн Барпы кантип эле жазма поэзиянын ыкмасына салып бул ырларын жаратып калсын? Биздин болжол боюнча бул ырлар айрыкча «Мисал үчүн» деген ыры илгерки Ахмед Ясави, Сулайман Бакыргани деген атактуу акындардын татар, түрк, өзбек тилдерине которулуп, эл арасында окулуп жүргөн окшош ырлар. Төгүп ырдоонун чебери болуп туруп, аларды бир эле жолукканда ошондой ыкма менен өз башынан кечирген турмушу жөнүндө бул ырын жараткан деп болжолдосок болот. Анткени бул ырдын стили, формасы жана мазмуну өткөн өмүргө өкүнүү, жаш кезде кыргыз салтындагы улуулардын акыл-насааттары менен, ата тарбиясын бекем карманып жашап, көздөгөн тилек-максаттарына жетпей калуу мотивдеринен турат. Ырдын бул өзгөчөлүгү да чыгыш классикалык поэзиясынын үлгүлөрүн эске салат.

Демек ырдын мазмунунда Барпы өз башынан өткөндөрдү, окуя жагдайларды, адамдарды эскерип келтиргенине караганда жогоруда аталган акындардын диний китептер менен бирдей таралып, оозеки окулуп ыр китептери менен жакшы тааныш болгон.

Барпы өзүнүн адеп ахлак, жүрүм-туруму жана нравалык тарбия маанисиндеги мыкты ырларында ырдаган насият ойлорун өзүнүн турмушунда туу тутуп жашагандын ордуна

---

[1] Барпы чыгармалар. Б 1995.1-99 бет

тартипсиз, таалим- тарбиясыз өсүп, зөөкүрлүк менен далайларды кор кылганын эскерип ырдайт. Ырдан бир нече мисал келтирели да, бул ойду ырастап көрөлү:

1.Оводон эргип учкан көрдүм кушту,
Өткөрдүм жайы менен жазды, кышты.
Ырдаймын өз башымдан өткөн ишти,
Көрүнгөн жамандардан жедим мушту.
Шу күндөр көңүлүмө эми түштү.
2.Атамдын айткан сөзүн билалбадым,
Жөн жүр деп нечен айтса билалбадым.
3.Бозо ичсем киши болуп мардаңдадым,
Өзүмчө киши болуп дардаңдадым.
Ар кимди тар кысылган жолдо алдадым,
4.Ар кимдин жалгыз атын уурдап саттым.
**5.**Шунетип көрүнгөндөн камчы көрдүм,
Өзүмдөй жамандарды жакшы көрдүм.
Ар жаман шону менен курдаш болдум,
Айылда бузуктарга сырдаш болдум.
**6.** Каардуу катуу тилдеп алганымда,
Учурдум нечен кадак балдарымды.
Күйгөндөй ырдап турам, арманымды![2]

Эми ушунчалыгы жетишет ко. Болбосо акындын «кыянатчылыктары», алардан пайда болгон күйүттөрү чексиз. Көп жолу төшөк жаңыртып көп балалуу болсо да, балдары турбаптыр. Тактап айтсак, дагы бир арманы эркек балалуу болбоптур. Мунун баарын акын жаман жүрүм-турумунан көрүп, өзүн-өзү:

Ажалсыз күнүм бүтүп өлгөнүм жок,
Балдардын бир озурун көргөнүм жок, - деп айыптайт.[3]

Бул мисалдардан Барпынын турмуштук авто портрети көз алдыбызга тартылат. Мунун өзү акындын туулган жылдарынын ортосундагы «сызыкчадай» болгон биздин жарды маалыматтарыбызды байытып, башкача Барпы менен тааныштырат.

Ал эми Барпынын ырчылык өнөрүндөгү портрети менен башынан таанышпыз, ошентсе да ал портрет акылга сыйбагандай гигант чен-өлчөмдөрүнө карабай, Кадыркул Даутовдун ушул эмгеги сыяктуу «штрихтер» менен толуктала берет, байый берет.

Барпынын бул ыры азырынча изилдөөчүлөрдүн көз жаздымында калып келатса да, анын маани - маңызы терең. Ырдагы окуялар, фактылар жана акындын ар бир фактыдан кийинки күйүт-арманы анын тартипсиз өсүшүнөн эмес, өзү жашап жаткан мезгилге, заманга, өзү менен бирге жашап жаткан адамдарга карата мамилеси же көмүскө формада чагылган наразычылыгы деп айтсак туура болот. Заманың карышкыр болсо-карышкыр бол демекчи, «карышкырлар» да адилетсиздик, нарк-насилди, кадыр баркты тебелеп тепсеп бийлик жүргүзө баштаганда чыгат.

Алардын («карышкырлардын») курамы, ой максаттары, умтулуулары бирдей болот: алысты болжоп адилеттүүлүктүн орношун көксөп ошол үчүн күрөшсө, дагы бирөөлөрү кыска нерсени (көзү көрүп турган күнүмдүктү) ойлоп, ошого жетүүнү гана көздөйт. Коомдун өнүгүшү аларды иргеп-ылгап, жөнгө салат. Анда деле бүткүл адамдык турпаты, жан дүйнөсү менен адилеттүүлүккө байланышкан болсо, ага эч кандай тартипсиздик, зөөкүрлүк, кыянатчылыктар тоскоол боло албайт. Анткени ал инсанда мейли ал жаңылышсын, адашып адамдарга, жамандык кылсын, эч нерседен кайтпас, адилеттүүлүктү гана издеп, ошого жеткирүүчү күч бар. Ал күч бир кезде басынып, жолдон чыгып, тоскоолдуктарга кабылган болсо да, кези келгенде атырылып чыга келет.

---

[2] Барпы чыгармалар Т.Б 1995. 99-108 беттер.

[3] Барпы чыгармалар Т.Б 1995. 103-бет.

Барпынын  турмушу жамандыктарга жол берип, азыр айтылгандай бардык жамандыктардан кези келгенде  гана кол үзүп,  жакшылык жакка жол алган десек туура эмес болот. Анын себеби мында: ал өмүрү өткөнчө асыл идеяларды үзгүлтүксүз ырдап келди. Келтирилген үзүндүлөрдөн көрүнүп тургандай ал жасаган кыянатчылыктар анын ырчылыгы менен бирге жүрдү. Бирок бара – бара кожо молдолорду, эшен-сопуларды, соодагер-алдамчыларды, ач көздөрдү шибегелеп, жек көрүүсүн  ошолорго каршы багыттады. Чыгыш поэзиясындагы жана кыргыз ырчылык өнөрү менен фольклорундагы  көп кылымдык асыл идеяларды тереңинен билип, салаа-салаа маанилерин өз поэзиясында чагылтты. Натыйжада Адам, Аалам адамдын Арзуу дүйнөсү, өмүр-өлүм жөнүндөгү философиялык-гуманисттик идеялардын энциклопедиясын жаратты. Мунун алдында «Мисал үчүн» ырындагы өз башынан өткөндөр, өкүнүп - арман кылган фактылар жоон эшпейт. Бирок алардын Барпынын дал ушул Барпы болушунда көмүскө жаткан ролун  танууга болбойт. Балким ошол кашайган турмуш болбосо, Барпы тартиптүү жашап өткөн инсандардын бири бойдон калмак. Муну жалпак тилге салып, дүйнөлүк адабияттын тарыхына мисал келтирип, минтип айтсак туура болчудай: Пушкин, Есенин, Маяковскийлер деле куду Барпыдай өмүр сүрүшүптүр - ичимдик менен аялпоздук алардын да турмушунун ажырагыс бөлүгү болгон экен. Бирок алардын баарынын чыныгы өмүрү алардын поэзиясында.

Дагы бир кызык факт: томдо бул ырынан кийин кокусунанбы же хронологиялык тартип мененби, айтоор акындын «Калыстык жөнүндө» деген ыры орун алган. Эки ырын окугандан кийин улуу акын башынан өткөргөндөрдү өкүнүчтүү окуяларын арманын «Мисал үчүндө» келтирип, санаага батып, кийинки ырында кайрадан закымдаган тереңдикке кетет да микро-макро дүйнөлөрдү калыстык алдында тизмелеп, жашоонун өзү жок болууга алып барчу жол экенин минтип жыйынтыктайт.

Акыйкат нуру жетпеген,
Ааламда жок калыстык.
Зар какшаткан адамды,
Заманда жок калыстык.
Жакшылыкты көксөгөн,
Көңүлдө бар калыстык.
Өзүн элге арнаган,
Өмүрдө бар калыстык.
Бай-кедейди ылгабай,
Барды-жокту кыйнабай.
Пайгамбарды сыйлабай,
Өкүмүнө көндүргөн.
Өлүмдө бар калыстык.[4]

Бул ырдын  дүйнөсүнө  терең кирип алып, айтаар сөзүңдү таппай алдастаганда Кадыркул Даутовко дагы бир жолу кайрылганыбыз оң окшойт,… Барпы бир кулачын Чыгыш маданиятына арта таштап, бир кулачы менен кыргыз, кыпчак, ичкилик, жалпы эле тоолоп-талаалап жашаган көчмөндөрдүн рухий дүйнөсүн камтып, бир бутун Чыгыш маданиятынын кыртышына коюп, бир бутун өз элинин маданиятынын кыртышына коюп, Аалам менен ойлонуп, Адам табиятынын сырларын ачкылап, ортодон аргиналдуу синтез жаратып чыккан кайталангыс  зор ФЕНОМЕН.[5]

Калетсиз сөз. Муну башкача айтууга да мүмкүн эмес. Жөн гана изилдөөчү менен макул болгонубуз оъ.

**Адабияттар**

---

[4] Барпы чыгармалар. Б.Б.1995. 111-бет.

[5]К. Даутов. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү. Б «Басма-Тамга» 2003.396-бет

1. Абрамзон С .М .Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхый – маданий байланыштары. Кыргыз тилине которулган.Кыргыздар 2-китеп. Б.1991.294 -310-беттер
2. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери.Ф.1988.
3. Даутов.К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү. Б.2003.
4. Обозканов.А. Калык Акы уулунун көп кырдуу өнөрканасы. Б.2000.
5. Стеблева. И. Түрк тилиндеги байыркы адабият. Орус тилинен которулган. Кыргыздар. 2-китеп.Б.1991.410-428-б.

* * *